**_Республикалык Маданият Колледжи._**

# Кыргыз адабият сабагынан ачык сабак

*Тема: "Ч. Айтматов - Кыргыз рухунун Туу Чокусу".*

**Тузгон мугалими: Умотова А.И.**

**Сабактын максаты: 1.Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча окуучулардын билимин** Терендетуу. Окуучулардын каармандардагы алдынкы сапаттардын улгусундо патриотизмге, суйууго, ыймандуулукка, боорукер, кайрымдуу болууга тарбиялоо.

3. Ч.Айтматовдун чыгармаларына жана кыргыз адабиятына кызыгуусун арттыруу.

Сабактын методу: Интерактивдуулук, корсотмолуулук жана аңгемелешуу.

Сабактын тиби : Аралаш, Бириктирилген сабак.

Сабак аралык байланыш: Орус адабияты, Тарых сабагы менен, Музыка сабагы боюнча, Кыргыз адабияты сабагы менен.

Сабактын жабдылышы: 1.Ч.Айтматовдун чыгармаларынын коргозмосу.

2.Ч.Айтматовдун портрети. 3.Корсотмо куралдар,ар турдуу суроттор, плакаттар. Техникалык каражаттар Учун материалдар. Окуу китеби. Акын-жазуучулардын айрым чыгармалары.Буклеттер,лозунгдар, китептер.

## Сабактын журушу: 1.Уюштуруу 1-2 мин.

Топко болуу.

## Сабактын журушу:

Уйгө берилген тапшырманы суроо.

Уйго берилген тапшырманы бышыктоо жана баалоо:

Окуучуларды топторго болуп алуу, ат беруу.

## Саламатсынарбы, балдар!

Анда эмесе ,балдар,бугунку ачык сабагыбызда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арнап,

## "Ч.Айтматов- Кыргыз Рухунун Туу Чокусу" аттуу ачык сабагын өтөбуз.

Бугунку сабагыбыз талаш-тартыш, жана суроо- жооп Иретинде, конкурс турундо өтөт. Силер эки командага болуносунор 1.команданын аты "Ак кеме",2.команданын аты "Биринчи мугалим"

Бугунку сабакта командалар менен беш повести карайбыз жана анализдейбиз.

1.”Жамийла” повестин карайбыз “Ак кеме” командасы “Биринчи мугалим” командасына суроо берет.

2.Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинде эң башкысы эмне жөнүндө сөз кылат?

а) Ата мекендик согуштун учурунда тылдагы оор турмуш жөнүндө.

б)Сабит деген баланын араба менен станцияга буудай тарткандыгы жөнүндө.

в) Садыктын согуштагы күндөрү жөнүндө.

г) Даниярдын жарадар бутунан көргөн азап- тозогу жөнүндө.

д) Данияр менен Жамийланын түнүк махабаты жөнүндө.

Ч.Айтматовдун “Жамийла” повести тууралуу кинотасмадан үзүндү көробуз . Анализдейбиз.

“Биринчи мугалим” командасы “Ак кеме” командасына суроо берет.

“Кызыл жоолук жалжалым” повестине байланыштуу Маалыматтарды толук бергиле.

Жооп:"Делбирим" повести 1961-жылы "Тополек мой в красной косынке" деген ат менен "Дружба народов" журналынын биринчи санына жарыяланган.

"Делбирим" - армандуу махабат жонундо керемет баян.

Жооп: Чыгармадагы окуялар Илияз менен Байтемирдин оздору туурасында ангемелеп беруу Ыкмасынды жазылган.

Жооп: Повесттеги негизги каармандар Илияз,Асел, Байтемир.

Жооп: Асел ата-энесинен башкалардан жардам кутпостон, оз тагдырын озу чечуу учун дароо эле Чечкиндуулук кылат.

Жооп: Таза суйуу менен убактылуу азгырылуу Илияз-Асел, Илияз- Кадийчалардын мисалында мыкты берилген.

Жооп: Илияз – ак ниет, иштерман, ишине жоопкерчиликуу жигит болуу менен бирге озумчул, данкка умтулган, куру намыской, кемчиликти моюнга алуудан корккон каарман.

Жооп: Асел болсо чыдамдуу, туруктуу, боорукер

Мугалим: Эмне себептен алардын бактылуу махабаты армандуу махабатка айланып кетти?

Жооп: Суйуу – бул сезим. Аны аягына чейин аздектеп, таза сактоо керек. Илияз анте алган жок.

**Жооп:** Повесттеги Байтемирдин образы – бийик

Адамкерчиликтин улгусу.

Музыкалык тыныгууда дискеттен Т.Казаков “ “Ильястын ыры” деген ыр дискеттен угулат.

“Ак кеме “ командасы “Биринчи мугалим” командасына суроо берет.

Анда эмесе “Ак кеме” повести боюнча боюнча толук

Маалымат бергиле.

Жооп: “Ак кеме” повести 1970-жылы “Новый мир” журналынын №1 –санына жарыяланган.

Жооп: Чыгармада томонкучо жаралган. Бир жолу Ч.Айтматов Ысык-Колго эс алганы барат. Бейтааныш

Адамга жолугат. Ал жакында коруктан качып келген бир маралды атып алганын, мактанып суйлогонун угат. Ангемени угуучулар аны мактап жатып калышат. Бул окуя жазуучуну ойго салат, туйшолуп уктай албайт. Коз алдында канга боелгон табияттын бир болукчосу- касиеттуу сулуу

маралдын элеси кетпей туруп алат. Натыйжада, “Ак-кеме” жаралат.

Жооп: Чыгармада экологиялык проблема которулот.

Жооп: Чыгарманын негизин Муйуздуу-Бугу энеге байланыштуу легенда менен токой кордонунда жашаган адамдардын турмушу тузот.

Жооп: Повестте баштан аяк ак ниеттуулук менен кара ниеттуулуктун ортосунда курош журот.

Жооп: Ак ниеттуулуктун улгусу-бала. Момун чал балага кыргыздын ата-бабасынын откон кундорун айтып отуруп, катуу таасир берип койду. Бала Бугу-Эненин боорукердигине, адилеттигине баш ийип, аны ото ыйык нерсе деп сезет.

Жооп: Кара ниеттуулуктун улгусу- Орозкул.

Жооп: Орозкул-баардык жагынан адамдык моралга туура келбеген зыяндуу тип.

Жооп: Бала Орозкулдун айбанчылык иштери менен эч келише албайт.

Жооп: Орозкул улууларды урматтап, кичуулорду ызаттап, аялдарды сыйлаганды билбейт.

Жооп: Момун чал коп маселелерде Орозкулдан коркот. Токой кордонундагы жумуштан бошотуп

жиберсе, кантип тиричилик кылам деп ойлойт. Бекей торобогондуктон Орозкул аны кетирип жиберет деп коркот.

Повестин кайгылуу финалында адамдарды эмес, алардын зоокурдугун, таш боордугун кабыл ала албай Муйуздуу Бугу- Эне да кетет, бала да балык болуп сузуп кетет.

Азыр кино тасмага конул бурабыз.Кинотасмадан Момун чал небересине дукондон портфелди сатып берген белеги, портфелди алып бала мактанган жерин анализдейбиз.

"Биринчи мугалим" командасы "Ак кеме" командасына суроо берет.

Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" повестинин идеялык мааниси кандай?

Ч.Айтматовдун " Биринчи мугалим" повести, анын башкы каарманы Кммунисттик партиянын ак ниет уулу, кужурмон солдаты, Лениндин идеясын элге таратып, эл арасына жаны турмушту жайылтуучу повесттин башкы каарманы-Дуйшон.

Дуйшон балдарды окутуу учун 1924- жылы айылга келди, эски аскер шинель, аскер шапке кийген Дуйшон партия мамлекет, Ленин тапшырган

орундатуу учун байдын эски сарайын ондоп, мектепке айландырды. Ал балдар кышында ушубосун учун жоо которуп отун жыйды. Дуйшон жашынан эмгекке такшалып, чымыр оскон жакыр кедей, кедейликтен темир жолго иштоо учун тентип кеткен –Таштанбектин уулу. Дуйшондун келечектеги кундой жаркыраган асыл эмгегин тушунбогон айрым оозу бош айылдагы эски-дин окулдору анын шагын сындыруу учун шылдындай башташты.Повестин башкы каарманы - Алтынай.

Ал жашынан ата-энесинен ажырап, аргасыз заар тилдуу бейжай женесинин тилин угуп, таягын жеп, зар какшаган кичинекей бечера кыз болсо, кийин окмоттун камкордугу менен окуп, эн жакшы тарбия алгандыктан акдемик , философия илимдеринин доктору, коомдук ишмер болгондугун Ч.Айтматов Алтынай Сулаймpraвaнын каты боюнча окуучулардын коз алдына элестете баяндайт.

“Биринчи мугалим” повестинен кинотасма коробуз, дагы анализдейбиз.

“Ак кеме “ командасы “Биринчи мугалим” командасына суроо берет.

Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестинин тарбиялык жана идеялык мааниси эмнеде?

Жооп: Ч.Айтматовдун " Саманчынын жолу " повести боюнча дыйкан турмушу жана тынчтыкты коколотуп корсотуп, согушка каргыш айткан чыгарма.

Жооп: Толгонай эне карыса да, согуштун кесепетинен кайгы-капалуу турмуштуу башынан откоруп,куйоосу Субанкул , ак сутун берип, алдейлеп чонойткон уулдары Касым , Майсалбек, Жайнак, жана акыл – эстуу, жанына куйорман келини Алыймандан ажыраса да, эч качан келечектен умут узбойт. Могдуроп коз жашын тогуп олтуруп албай, Совет окмотунун камкордугуна чын пейли менен ишенип, жашынан эмгекти суйгон кайраттуу, эмгек менен элдин кадырлоосуна ээ болгон аялдардан.

Жооп: Алимандын образы

Алиман Касымдын суйуп алган жары, Толгонай ененин оз баласынан кем корбогон суйкумдуу келини. Толгонай эне Алимандын эстуу- баштуу келин экендигин томонкудой эскерет.

Өңдуу, тустуу, бели буралган жаш кыз экен,а адегенде эле ичим жылып, оз баламдай коруп калдым. Келин эстуу болсо, оз бала эмей эмне. Айырмасы кайсы.Чынын айтыш керек, келиним

жаман чыккан жок. Ошонун озу уй- булодо ырыскы эмеспи.

Жер эне менен Толгонай эненин суйлошкону (манолог) 2-хор тайпасынын студенткасы Айсулуунун аткаруусунда.

Ч.Айтматовдун чыгармалары алгачкы туп нускасында гана эмес театр,кино балет аркылуу да элге белгилуу . Балет- ораториясында да сахнада К.Молдобасановдун музыкасы менен ойноп чыккан. Эми озубуздун командаларыбыздын арасында да таланттуу студентeрибиз бар. Ч.Айтматовго арнаган ырларынан угуп,калыстар тобу ырдын мазмунуна конул бурсаныздар.

Келгиле,анда анын чыгармаларын эсибизге салып жана анын кайсы чыгармаларынын негизинде тартылган кандай кинофильмдер бар экендигин эсибизге салып королу жана кластер тузолу.

1Топтордо кластер тузобуз:

2.Оюн Сканворд тузобуз.

3.Оюн. Ушул альфавиттен Ч.Айтматовдун повесттеринин аттын жазып курагыла.

4.Оюн.Тортунчусу болок же чочун ат.

Оюндарды ойноп буттук,эми Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы тушунуксуз сөздөр,создук-словарь менен таанышасыңар.

Биздин окуу жайдын китепканасында Ч.Айтматовдун кандай китептери бар? Обзор өтуу.

## Жыйынтыктоо:

**Менин оюмча, силер мындан ары Ч.Айтматовдун чыгармаларын кызыгып, суйуп окуйсунар. Биз ушул эле сабак менен чектелбейбиз, алдыда али коп иш-чаралар бар.**

**XX жанаXX1 кылымдын улуу ойчулуу, дархан жазуучубуздун китептери 170 тен ашык башка тилге которулуп, 60- миллиондон ашык нуска менен басылып чыккын.**

**-Ч.Айтматов- биздин туу сыймыгыбыз. Биз жазуучу менен сыймыктансак,демек Ата-Мекенибиз менен сыймыктанган болобуз. Ошондуктан баарынарды Ата-Мекенди суйууго, улуу жазуучубуз менен сыймыктанууга, анын чыгармаларын кызыгып окууга чакырамын.**

**Сабакты баалоо: Эки командага,калыстар тобу баалоо.**

Уйго тапшырма беруу: Ч.Айтматовдун “Кыямат” романын окуп келуу, эссе жазуу.


Кыргыз тилим - эне тилим
Манастын жети осуяты
Манас - кыргыз элинин сыймыгы


Кыргыз тилим - эне тилим
Манастын жети осуяты
КОШ СЫРТТАН